Жаным Анын колунда турганга (Аллахка) ант ичип айтам, силерге Мариямдын уулу түшүп, адилеттүү өкүмдар болоруна аз калды. Ал крестти сындырат, чочкону өлтүрөт, салыкты (жизя) жок кылат, мал-мүлк аябай көбөйүп, аны эч ким албай калат

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Жаным Анын колунда турганга (Аллахка) ант ичип айтам, силерге Мариямдын уулу түшүп, адилеттүү өкүмдар болоруна аз калды. Ал крестти сындырат, чочкону өлтүрөт, салыкты (жизя) жок кылат, мал-мүлк аябай көбөйүп, аны эч ким албай калат".
[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Мариямдын уулу Иса пайгамбар адамдарга адилеттүү жана Мухаммаддын шарияты менен өкүм кылуу үчүн жерге түшөрүнө аз калганын Аллахтын аты менен ант ичип айткан. Ал христиандар ыйык санаган крестти сындырат. Иса пайгамбар чочкону өлтүрөт. Ал салыкты жок кылат, адамдардын баарын Ислам динине кирүүгө түртөт. Байлык көбөйүп, аны эч ким кабыл кылбай калат; бул байлыктын көптүгүнөн, ар ким өз колундагыдан башкага муктаж болбогондуктан, береке жааганынан жана катар-катар жакшылыктар болгондуктан улам.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/65025

النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee